Саруу айылдык кеңешинин депутаттыгына талапкер
Сулайманов Алмаз Шергазиевичтин

# ПРОГРАММАСЫ

1. Айылдын бирден бир көйгөйлүү маселе жакырчылыкты жойуу боюнча иштерди жүргүзүү, айылдын инфраструктурасын жакшыртуу боюнча көйгөйлөрдү чечүү, жергиликтүү тургундардын суроо-талаптарына карата көрсөтүлүп жаткан кызматтар сапаттуу, жеткиликтүү жана туруктуу болушуна иш чараларды жүргүзүү, көчөлөрдү жарыктандыруу биздин айыл үчүн коопсуз жана бакубат жашоо шарт түзүү, жолдорду, көпүрөлөрдү оңдоо же жаңы куруу;

2. Айылдык бюджетти кирешелерин жана чыгашаларын, үнөмдүү жана эффективдүү пайдалануу. Бюджет процессине айыл кеңешинин депутаттарынын катышуусуна, алардын укуктарына жана жергиликтүү дэңгээлде бюджеттик саясатты аныктоо боюнча ыйгарымдарына чоң маани берүү. Жергиликтүү бюджеттин түзүлүшүнө, бекитилишине, анын аткарылышына көзөмөл кылуу. Бюджеттин тартыштыгын жабуу жана суммасын башка булактардан көбөйтүү. Элге ачык айкын билдирүү.

3. Фермерлерге жана айыл тургундарына ветеринардык кызматты жакшыртуу жана мамлекеттик ветеринардык, фитосанитардык коопсуздук боюнча иш жүргүзүү, ооруларды алдын ала дарылоого жана көзөмөлдөөгө колдоо көрсөтүү;

4. Жаңы конуштарга таза сууну жеткиликтүү кылуу. Дыйкандардын сугат суу боюнча маселелерин чечүү;

5. Жакынкы жана сырт аймагындагы мал баккан фермерлерге баруучу жолдорду жана көпүрөлөрдү оңдоо жана жаңы куруу;

6. Мектептердин жана бала-бакчанын балдарга берилүүчү тамак-аштарын, талапка ылайык берилишине көзөмөл жүргүзүү жана аткаруу. Мектептердин жана бала-бакчанын айлана чөйрөсүн оңдоп түзөө жана жашылдандыруу маселесин ишке ашыруу;

7. Айыл ичиндеги мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарга жана аз камсыз үй-бүлөлөргө гуманитардык жардамдарды тартып келүү менен даректүү жардам берүү;

8. Айылдагы жаштарды спортко тартуу, дени сак жашоого үгүттөө, райондук, областык жана республикалык спорттук мелдештерде өзүн көрсөткөн жаш спортчуларга эл аралык деңгээлге чыгууга колдоо көрсөтүү;

9. Айылга кичи жана чакан ишканаларды ачууга, эл аралык донорлордон грант түрүндө инвестиция тартуу. Айылды өнүктүрүү боюнча «ARIS», IFAD, ж.б. фонддорго долбоорлорду жазуу жана аны ишке ашыруу;

10. Айыл ичиндеги элдерден чыккан таштандыларды жыйноо, аны тышкары ташып чыгаруу боюнча көйгөйдү чечүү.